Бишкек шаары, Өкмөт Үйү 2005-жылдын 30-ноябры N 546

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Стандарттар жана метрология улуттук институту жөнүндө

"Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун "Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуу жагында институционалдык жана структуралык кайра өзгөртүүлөр тууралуу" 2005-жылдын 30-апрелиндеги N 149 жана "Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуу жагында институционалдык жана структуралык кайра өзгөртүүлөр тууралуу" Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучунун 2005-жылдын 30-апрелиндеги Жарлыгына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" 2005-жылдын 13-июнундагы N 227 жарлыктарын аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Стандарттар жана метрология улуттук институту "Кыргызстандарт" (мындан ары - СМУИ) жөнүндө тиркелген Жобо бекитилсин.

2. Республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен каржылануучу СМУИнин кызматкерлеринин чектелген саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимине ылайык 11 штаттык бирдикти аккредиттөө чөйрөсүнө кийин өткөрүп берүү менен 97 штаттык бирдик (тейлөөчү персоналсыз) эсебинде сакталсын.

3. Стандарттар жана метрология улуттук институту жана Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, соода жана туризм министрлиги 2006-жылдын 1-апрелине чейинки мөөнөттө "Ченөө бирдейлигин камсыз кылуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизсин.

4. Республикалык бюджеттен төмөнкүлөрдүн каржыланары белгиленсин:

- мамлекет заказчысы болуп эсептелген улуттук стандарттар программасын түзүү жана ишке ашыруу, анын ичинде улуттук стандарттарга экспертиза жүргүзүү;

- стандартташтыруу жагында ДСУнун соодада техникалык тоскоолдуктар боюнча макулдашуу милдеттенмелерин аткаруу;

- Техникалык регламенттер жана стандарттар улуттук маалымат фондун түзүү жана жүргүзүү;

- взносторду төлөө жана стандартташтыруу жана метрология боюнча эларалык (региондук) уюмдарга катышуу, анын тизмесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт;

- Кыргыз Республикасынын сапат боюнча сыйлыгын изденип алууга конкурс өткөрүү боюнча иштер;

- улуттук эталон базасын түзүү жана өркүндөтүү, Кыргыз Республикасында ченөө бирдейлигин камсыз кылуу жана Эларалык бирдиктер системасына (СИ) карата ченөөлөрдүн көзөмөлдөнүшүн камсыз кылуу боюнча иштер, ченөө каражаттары менен стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин, метрология жагында илим изилдөө иштерин жүргүзүү, эларалык, региондук, улуттук деңгээлде эталондорду салыштырууга, ченөөлөрдү аткаруу ыкмаларын иштеп чыгууга жана аттестациялоого катышуу.

5. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик комитети Стандарттар жана метрология улуттук институту менен бирдикте "Сыноонун жана сертификаттоонун кыргыз борбору" мамлекеттик ишканасы институтка кайра уюштурулганына (кошулгандыгына) байланыштуу мүлк маселелерин чечсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын экономикалык өнүктүрүү башкармалыгына жүктөлсүн.

Премьер-министр Ф.Кулов

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

2005-жылдын 30-ноябрындагы N 546
токтому менен бекитилген

# Кыргыз Республикасынын Стандарттар жана метрология улуттук институту жөнүндө ЖОБО

I. Жалпы жоболор
II. СМУИнин негизги максаттары
III. СМУИнин негизги милдеттери
IV. СМУИнин иш-милдеттери
V. СМУИнин укугу жана жоопкерчилиги
VI. СМУИнин ишмердигин уюштуруу
VII. СМУИнин мүлкү жана финансылык-чарбачылык ишмердиги

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Стандарттар жана метрология улуттук институту "Кыргызстандарт" (мындан ары - СМУИ) стандартташтыруу жана ченөөнүн бирдейлигин камсыздоо боюнча улуттук органдын статусу бар мамлекеттик мекеме болуп эсептелет.

2. СМУИ өзүнүн ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорун жана буйруктарын, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эларалык келишимдерди жана макулдашууларды, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. СМУИ юридикалык жак болуп эсептелет, анын Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби чагылдырылган, мамлекеттик жана расмий тилдерде аталышы жазылган мөөрү, ошондой эле өзүнүн ишмердигин ишке ашыруу үчүн башка керек болгон мөөрү, штампы, бланкалары бар.

СМУИ Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигинин Казыначылык тутумунда, банкта белгиленген тартипте эсеп-кысап жана башка керектүү эсептерди ачууга укугу бар, өз алдынча балanска ээ.

4. СМУИ техникалык регламенттердин жана стандарттардын сакталышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзүү боюнча иш-милдеттерден келип чыккан укуктарды жана милдеттерди кошпогондо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Стандартташтыруу жана метрология боюнча мамлекеттик инспекциянын укугун улантуучу болуп эсептелет.

5. СМУИнин жайгашкан орду - Бишкек шаары, Панфилов көчөсү,197.

## II. СМУИнин негизги максаттары

6. СМУИнин негизги максаттары болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- эларалык эрежелерге жана сунуштоолорго ылайык стандартташтыруунун улуттук системасын түзүү жана өнүктүрүү;
- Кыргыз Республикасында ченөөнүн бирдейлигин камсыз кылуу үчүн метрология жаатында иш жүргүзүү;
- улуттук эталондук базаны колдоо.

## III. СМУИнин негизги милдеттери

7. СМУИнин негизи милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

7.1. Стандартташтыруу жаатында:

- илимий-техникалык прогрессти стимулдаштыруу;
- илимдин, техниканын жана технологиянын өнүгүү деңгээлине ылайык процедуралардын, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;
- табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырлаалдардын келип чыгуу тобокелдик даражасын эсепке алуу менен объекттердин коопсуздук деңгээлин жогорулатуу;
- ресурстарды сарамжалдуу жана үнөмдүү пайдаланууга көмөк көрсөтүү;
- сыноонун жана ченөөнүн жыйынтыктарынын техникалык жана маалыматтык сыйышкычтыгын, салыштырмалуулугун, продукциялардын өз ара алмашуучулугун камсыз кылуу;
- калктын жашоо-турмушунун, ден соолугунун, ошондой эле жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жашоо тиричилиги менен өсүп-өнүгүшүнүн, жеке жана юридикалык жактардын мүлкүнүн, мамлекеттик жана муниципалдык мүлктүн, айлана-чөйрөнү,

анын ичинде техникалык регламенттердин талаптарын аткарууга, эларалык стандарттарды, нормаларды жана эрежелерди колдонууга көмөк көрсөтүү үчүн коопсуздук деңгээлин жогорулатуу.

7.2 Метрология жаатында:

- Кыргыз Республикасынын ченөөнүн бирдейлигин камсыз кылуу;
- улуттук экономиканы өнүктүрүүдө ченөөлөрдүн жана стандарттардын ролун чыңдоо үчүн эларалык бирдиктер системасы (СИ) ченөөлөр системасынын шайкеш келишин камсыз кылуу.

7.3 Техникалык маалымат жаатында:

- СМУИнин ишмердигине байланышкан маселелер боюнча маалыматтык камсыздоо, кызмат көрсөтүүлөр жана окутуулар.

7.4 Эларалык кызматташтык жаатында:

Кыргыз Республикасынын стандартташтыруу метрология улуттук системасын жана бул багыттарга байланышкан тармактарда башка талаптарды СМУИнин компетенциясынын чегиидеги, соодадагы техникалык тоскоолдуктарды төмөндөтүү максатында эларалык, региондук, башка өлкөлөрдүн стандартташтыруу, метрология боюнча прогрессивдүү улуттук системасы менен шайкеш келтирүү.

## IV. СМУИнин иш-милдеттери

8. СМУИ өзүнө жүктөлгөн максаттарды аткаруу үчүн төмөндөгүдөй иш-милдеттерди ишке ашырат:

8.1 Стандартташтыруу жаатында:

- улуттук экономиканын кызыкчылыгына, илимдин, техниканын жана технологиянын деңгээлине улуттук стандартташтыруу тутумунун шайкештигин камсыздоо;
- стандартташтыруу жаатында стратегияны иштеп чыгуу, аны ишке ашырууну уюштуруу;
- "Стандарттарды иштеп чыгуу, кабыл алуу жана колдонуу боюнча ак ниет практика кодексинин" негизинде Дүйнөлүк соода уюмунун соодадагы техникалык тоскоолдуктар боюнча макулдашуусуна ылайык, стандарттарды, эрежелерди, жолжоболорду жана сунуштоолорду иштеп чыгуунун, кабыл алуунун жана колдонуунун тартибин белгилөө;
- улуттук стандарттарды иштеп чыгуу программасын кабыл алуу;
- улуттук стандарттарды бекитүү;
- стандартташтыруу боюнча документтерди эларалык талаптарга шайкеш келтирүү;
- стандартташтыруу, метрология, сертификаттоо жаатында макулдашуулардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышуу;
- акы төлөө негизинде жеке жана юридикалык жактардын керектөөчүлөрүнүн кеңири чөйрөлөрүнө жеткиликтүү стандартташтыруу боюнча стандарттардын долбоорлорун жана башка документтерди иштеп чыгууну, экспертизалоону уюштуруу;
- стандартташтыруу боюнча улуттук стандарттарды, эрежелерди, жолжоболорду жана сунуштоолорду калктын колдонушу үчүн эсепке алуу жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;
- стандартташтыруу боюнча техникалык комитеттердин иштерин уюштуруу жана алардын ишмердиктерин координациялоо;
- сапат боюнча Кыргыз Республикасынын сыйлыгын изденип алууга конкурс өткөрүү боюнча иштерди уюштуруу.

8.2 Метрология жаатында:

- чоңдук бирдиктеринин улуттук эталондорун иштеп чыгуу, сактоо жана өркүндөтүү, Эларалык бирдиктер системасынын чоңдуктарынын негизги жана туунду бирдиктеринин өлчөмүн кайрадан чыгаруу жана өткөрүп берүү;
- чарбакер субъекттерге метрологиялык кызмат көрсөтүүлөр (калибровка, ченөө каражаттарына байкоо жүргүзүү, сыноолук жана диагностикалык жабдууларды аттестациялоо ж.б.);
- ченөө каражаттарынын тибин бекитүү;
- ченөө каражаттарын жана стандарттык үлгүлөрдүн мамлекеттик реестрин жүргүзүү;
- ченөөнүн бирдейлигин камсыздоо абалын баалоонун мониторингин жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тийиштүү маалыматтарды берүү;
- ченөө каражаттарын метрологиялык аттестациялоо;
- ченөө каражаттарын юстировкалоо;
- улуттук эталондорду жана калибровкалоонун жана ченөөнүн сертификаттарын эларалык таанууну камсыздоо үчүн эталондорду эларалык, региондук жана улуттук деңгээлде салыштырууга катышуу;
- ченөөнүн аткаруу ыкмасын иштеп чыгууга жана аттестациялоого катышуу;

- метрология жаатында илимий-изилдөө иштерин ишке ашыруу.

8.3 Шайкештикти баалоо жаатында:

- пподукцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сертификаттоо боюнча органдын иш-милдеттерин ишке ашыруу;

- шайкештикти ырастоо боюнча иштерди жүргүзүүдө продукцияларды (кызмат көрсөтүүлөрдү) сыноо;

- мамлекеттик көзөмөл боюнча атайын ыйгарым укуктуу органдардын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, керектөөчүлөрдүн укугун коргоо боюнча коомдук уюмдардын, ошондой эле келишимдик негизде жеке жана юридикалык жактардын билдирүүлөрү жана суроо-талаптарына карата тестирлөө жана башка технологиялык тейлөөлөр боюнча кызмат көрсөтүүлөр;

- улуттук стандарттарга шайкештик белгисин чагылдырууну бекитүү;

- белгиленген тартипте сертификаттоо боюнча региондук жана эларалык системага кошулуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш берүү;

- СМУИ тарабынан берилген шайкештик сертификаттарынын реестрин жүргүзүү, катуу отчеттуулуктагы (милдеттүү шайкештик сертификатынын бланкалары, шайкештик сертификатынын көчүрмөлөрү, шайкештик сертификатынын бланкаларынын көчүрмөлөрү, шайкештик сертификатына тиркеменин көчүрмөлөрү) жана институт жана анын түзүмдүк подразделениелери же ведомстволук ишканалары колдонуучу башка формадагы бланкаларды эсепке алуу.

8.4 Маалыматтык камсыздоо жаатында:

- техникалык регламентердин жана стандарттардын Улуттук маалыматтык фондун түзүү жана жүргүзүү, фонддун маалыматтык продукцияларын жана улуттук стандарттарын басып чыгаруу, пайдалануучуларды камсыздоо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипке ылайык эларалык, региондук уюмдардын жана чет өлкөлөрдүн улуттук органдарынын документтерин, стандарттарды, жетектөөчү принциптерди, жолжоболук документтерди которуу;

- стандартташтыруу маселелери боюнча Дүйнөлүк соода уюмунун соодада техникалык тоскоолдуктар боюнча макулдашуунун жоболорун аткарууну камсыздоо үчүн улуттук сурап билүү маалымат кызматынын иш-милдетин аткаруу;

- эларалык тажрыйбада пайдаланылуучу аныктамаларга ылайык стандартташтыруу, метрология жана сапат менеджменти жаатында консалтинг боюнча кызмат көрсөтүү;

- СМУИнин компетенциясына кирген стандартташтыруу, метрология жана сыноонун башка маселелери жаатында иштерди жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүү;

- бардык тараптар - мамлекеттик өкүлчүлүктөр үчүн да, жеке сектор үчүн стандартташтыруу, метрология, шайкештикти баалоо, сапат менеджменти жана ушул чөйрөгө тиешелүү башка маселелер боюнча адистердин квалификациясын жогорулатуу жана башка окутуучу сабактарды (семинарлар, окуулар, стажировкалар ж.б.) боюнча курстарды уюштуруу.

8.5 Эларалык кызматташтык жаатында:

- стандартташтыруу, метрология жаатында жана бул багыттар менен байланышкан тармактарда, анын ичинде эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашуулардын жана келишимдердин негизинде эларалык, региондук уюмдар жана чет өлкөлөрдүн улуттук уюмдары менен кызматташтыкты ишке ашыруу;

- Кыргыз Республикасын стандартташтыруу, метрология жана ушул багыттар менен байланышкан тармактар боюнча СМУИнин ыйгарым укуктарынын чегинде региондук жана эларалык уюмдарга таанытуу.

## V. СМУИнин укугу жана жоопкерчилиги

9. СМУИ өзүнүн компетенциясынын чегинде төмөнкү укуктарга ээ:

- Кыргыз Республикасынын улуттук стандарттарын жана стандартташтыруу боюнча башка документтерин белгиленген тартипте бекитүүгө, алып салууга жана чыгарууга;

- техникалык регламенттерди иштеп чыгуу планына сунуштарды киргизүүгө;

- чыгарууга жана кайра басып чыгарууга, анын ичинде чет тилдердеги улуттук стандарттардын жана стандартташтыруу, метрология, сертификаттоо боюнча башка документтердин, башка өлкөлөрдүн улуттук стандарттарынын көчүрмөсүн алууга жана таркатууга, ошондой эле бул иштерди жүргүзүүгө юридикалык жактарга укук берүүгө;

- шайкештикти ырастоо, ченөөнүн бирдейлигин камсыз кылуу, сыноо жүргүзүү, келишимдин негизинде жана келишимдик күчү бар жана башка документтердин негизинде адистерди даярдоо жаатында чарбакер субъекттерге акы төлөмө кызматтарды көрсөтүү;

- бөлүнгөн мамлекеттик бюджеттик каражаттарды чыгым түрлөрү боюнча алардын арналышына ылайык бөлүштүрүү;

- республикада жана чет өлкөлөрдө ишкер байланыштарды ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык чарбалык эсептин негизинде ишканаларды жана кызматтарды түзүү;

- эларалык, улуттук жана региондук уюмдар менен келишимдерди түзүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте жүргүзүлгөн иштерге (кызмат көрсөтүүлөргө) бааларды жана тарифтерди иштеп чыгуу жана колдонуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, эларалык стандарттарга, ченемдерге жана эрежелерге каршы келбеген, негизги иш-милдеттерди аткарууга өбөлгө болгон башка жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана (же) стандарттарына ылайык сертификаттоону ишке ашыруу максатында продукциялардын үлгүлөрүн жана сынамыгын алуу;

- келишимдик негизде стандартташтыруу, сертификаттоо жана метрология жаатында тренингдерди, семинарларды, стажировкаларды жана адистерди окутуунун башка түрлөрүн жүргүзүү;

- СМУИнин структурасына кирген структуралык подразделениелерди жана ведомстволук ишканаларды Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте түзүү, кайра түзүү жана жоюу, ошондой эле алардын иш-аракеттерине жетекчиликти жана контролдукту ишке ашыруу.

10. СМУИ Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык өзүнүн ишмердигине жоопкерчилик тартат.

## VI. СМУИнин ишмердигин уюштуруу

11. СМУИни Кыргыз Республикасынын Президенти дайындаган директор жетектейт.

12. Директордун эки орунбасары болот, аларды директордун сунуштоосу менен Кыргыз Республикасынын Премьер-министри дайындайт.

13. Директор СМУИнин ишмердигине жетекчиликти ишке ашырат, СМУИге жүктөлгөн милдеттерди аткарууну уюштурат жана анын аткарылышына жеке жоопкерчилик тартат.

СМУИнин директору:

- өзүнүн орунбасарларынын кызматтык милдеттерин бөлүштүрөт;

- СМУИнин структурасын жана штаттык расписаниесин бекитет;

- СМУИнин кызматкерлерин кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот, ошондой эле аларга сыйлоо чараларын колдонот, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына көрсөтөт же аларга тартиптик жазаларды колдонот;

- СМУИнин структуралык подразделениелери жана ведомстволук подразделениелери жөнүндө жоболорду бекитет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте СМУИнин кызматкерлеринин эмгек акысы жана сыйлоо тууралуу жобону бекитет;

- СМУИнин кызматкерлери милдеттүү түрдө аткара турган буйруктарды, тескемелерди чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет;

- институтка жүктөлгөн милдеттерди аткарууну камсыз кылуу үчүн СМУИнин карамагындагы ведомстволук ишканаларды Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген тартипте түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу маселелерин чечет;

- белгиленген тартипте чет өлкөлөрдүн, стандартташтыруу, метрология боюнча улуттук органдары, ошондой эле өзүнүн компетенциясынын чегинде тиешелүү эларалык жана региондук уюмдар менен кызматташуу жөнүндө макулдашууларга, келишимдерге кол коет.

14. СМУИге жүктөлгөн милдеттерди аткарууга байланыштуу маселелерди коллегиялуу кароо жана анын компетенциясына кирген илимий-техникалык маселелерди чечүү үчүн, СМУИнин илимий-техникалык кеңеши түзүлөт.

Илимий-техникалык кеңеш жөнүндө жобо жана анын жекече курамы директор тарабынан бекитилет.

СМУИде кеңеш берүүчү жана консультациялык органдар да түзүлүшү мүмкүн.

15. СМУИ стандартташтыруу жана ченөөнүн бирдейлигин камсыз кылуу жаатында иш-чаралардын планын иштеп чыгууда баардык кызыкдар тараптардын (жеке секторлордун, ошондой эле мамлекеттик өкүлчүлүктөрдүн) түздөн-түз катышуусун камсыз кылат.

16. СМУИ өзүнө жүктөлгөн маселелерди жана иш-милдеттерди аткаруу үчүн керектүү маалыматтарды жана документтерди мамлекеттик башкаруу органдарынан суроого жана алууга акылуу.

17. СМУИ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө өзүнүн ишмердиги жөнүндө жыл сайын отчет берет.

## VII. СМУИнин мүлкү жана финансылык-чарбачылык ишмердиги

18. СМУИнин карамагындагы мамлекеттик мүлктөр оперативдик башкаруу укугунда ага бекитилип берилет, ал эми чарбалык ишмердиктин эсебинен алынган мүлктөрү СМУИнин өз алдынча тескөөсүнө түшөт жана өзүнчө баланста эсепке алынат.

19. СМУИнин каржылоо булактары:

- республикалык бюджеттин каражаттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген сертификаттоо, метрология, стандартташтыруу жана башка өндүрүштүк-чарбалык ишмердик боюнча чарбакер субъекттерге акы төлөмө кызматтар көрсөтүлгөндүгү үчүн түшкөн өздүк каражаттар;
- гранттар, кредиттер жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

20. СМУИ чарбакер субъекттерге кызмат көрсөтүүлөрдөн жана башка өндүрүштүк ишмердиктен алынган кирешелерди, ошондой эле бул кирешелердин эсебинен алынган мүлктөрдү өз алдынча пайдаланууга акылуу.

21. СМУИни кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган учурда жана тартипте ишке ашырылат.